ВХОДЯЩИЙ № 63
13 02 2021

**«БЕКИТЕМ»**
**Милициянын генерал-майору**
**Э.А. Алиев атындагы**
**Кыргыз Республикасынын ИИМин**
**Академиясынын начальниги**
**милициянын полковниги**
**Т.Т. Абитов**
**_______________________**
**«12» 02 2021-ж.**

**Кабаева Бермет Темиржановнанын “Кыргыз Республикасындагы референдумдун теориясы жана практикасы” аттуу темадагы 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМин Академиясынын мамлекеттик жана укуктук дисциплиналар кафедрасынын жетектөөчү уюмунун**

**Пикири**

**1. Изилденип жаткан теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы (практиканын жана илим менен техниканын өнүгүүсүнүн талаптары).**

Референдум - түздөн-түз элдик бийликти билдирүү болуп саналат, ал референдумда кабыл алынган, жалпысынан милдеттүү болгон жана кошумча бекитүүгө муктаж бөлбөгон чечимдердин императивдик мүнөзү менен тастыкталат. Жалпы элдик референдумда кабыл алынган чечим мамлекеттин бардык аймагында жарактуу. Эгерде референдумда кабыл алынган чечимде мындай чечимди жокко чыгаруунун же өзгөртүүнүн башка тартиби корсотүлбөсө, ал жаңы референдумда чечим кабыл алгандан башкача түрдө жокко чыгарылышы же өзгөртүлүшү мүмкүн эмес. Буга байланыштуу референдумду өткөрүү тартиби жөнөкөй мыйзам менен эмес, Конституциялык мыйзам менен жөнгө салынат.

Бул институттун өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү анын өнүгүшүнүн биринчи этабында теория практикадан үстөм болгон, ал эми азыркы учурда практика теориядан өзуп өткөндүгүндө. Натыйжада, элдин буйругу катары референдумдун мааниси жоголуп, жогорку юридикалык күчтүн чечими катары мааниси төмөндөп кетти.

Референдум институтун жөнгө салуучу ата мекендик ченемдик укуктук актылардын мазмунун талдоодо мыйзамдардын айрым жоболорунун жеткилең эместигин көрсөтүп, референдумду өткөрүү предметине байланыштуу кемчиликтерди жана коллизияларды аныктайт. Ушундай кырдаалда бул маселе боюнча диссертациялык иштин актуалдуулугун тастыктаган илимий талкуу жүргүзүү максатка ылайыктуу.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар (КР ЖАК 2012-жылдын 22-августундагы № 578 "Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жобо 10-п.)**

Илимий жыйынтыктар КР ЖАКтын 2012-жылдын 22-августундагы № 578 "Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына жооп берет.

Б.Т.Кабаеванын диссертациясы өз алдынча теориялык изилдөө болгондуктан, илимий жактан негизделген жаңы теориялык жыйынтыктарды камтыйт, алардын жыйындысы конституциялык укук илиминин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ.

Улуттук, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн мыйзамдарын талдоо жана юридикалык адабияттардын жетиштүү көлөмүн изилдөө учурунда, изденүүчү тарабынан референдум боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү жана тутумдаштыруу боюнча сунуштары берилген.

Изилдөө процессинде төмөнкү илимий жыйынтыктар берилген:

**1-натыйжа**. «Референдум» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди. «Референдум» деп, мыйзам же мамлекеттик маанидеги башка олуттуу маселе боюнча бүткүл элдик добуш берүү жолу менен элдин өз эркин түздөн-түз билдирүүсүнүн формасын түшүнүү сунушталат.

**2-натыйжа.** Референдумдун маани-маңызы менен аны жөнгө салуу боюнча автордун позициясы аныкталды.

Референдумдун маани-маңызы бүткүл элдик добуш берүүгө коюлган жана бир гана маани берүүчү жоопту талап кылган конкреттүү маселе боюнча элдин өз эркин түздөн-түз билдирүүсүндө жатат. Ал эми референдумдун жөнгө салуу предмети анын маани-маңызы менен аныкталып, референдумга коюлуучу маселе конкреттүү жана так болуп, бүткүл элдик добуш берүү жолу менен императивдүү мүнөзгө ээ чечим кабыл алуу менен чектелиши керек.

Ошондуктан бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамды, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарган учурда, ал мыйзамдын долбоору, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын толук өтүшү талап кылынат. Мындай шартта мыйзам

долбоору, анын концепциясы, жөнгө салуу предмети, принциптери жана ченемдери мыйзамда каралган тартипте, тиешелүү тараптардын катышуусунда толук каралып, парламент аркылуу да, жарандук коомдун институттары аркылуу да талкууланышы камсыздалат. Бул өтө маанилүү процесс. Себеби референдумдун маани-маңызы менен мазумуну бүткүл элдик добуш берүүгө коюлган мыйзамга бир гана маанини туюндурган «Макул» (же «Жок») деп жооп берүү менен элдин өз эркин түздөн-түз билдирүүсүндө жатат.

**3-натыйжа.** Референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануу боюнча автордун позициясы негизделди жана бул түшүнүктүн автордук аныктамасы берилди.

Референдумдун укуктук табияты Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдары тарабынан анын социалдык маңызын жана мазмунун мүнөздөө менен, анын предметин, субъекттерин жана уюштуруу принциптерин аныктоо менен референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануусунда жатат.

Ушундан улам, референдум конституциялык-укуктук институту деп, референдумдун укуктук табиятын мүнөздөө менен, анын предметин, субъекттерин, уюштуруу жана өткөрүү тартибин бекитүүгө жана бүткүл элдик добуш берүү менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салууга багытталган конституциялык-укуктук принциптер менен ченемдердин тутумун түшүнүү сунушталат.

**4-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү аракеттеги мыйзамдарын талдоонун негизинде улуттук мыйзамдарда референдумдун предмети так аныкталбагандыгы жана бул маселени чечүү боюнча автордун сунуштары негизделди.

Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясы да, Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндөгү аракеттеги конституциялык мыйзамы да референдумдун предметин так аныктабастан, бүткүл элдик добуш берүүгө чыгарылуучу маселенин формаларын гана бекитишет. Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндөгү аракеттеги конституциялык мыйзамы бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамдын долбоору, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын долбоору, Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору чыгарылат деп, алардын баарын эсептегени менен негизи мыйзамдын формалары тууралуу гана кеп болуп жатат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин жана «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык

мыйзамынын 2- жана 7-беренелеринин жоболорун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын референдумунун предмети болуп, биринчиден, мыйзам менен жөнгө салынуучу коомдук мамилелер эсептелет. Экинчиден, айрым маселелерди (согуш жана тынчтык; Президенттин, Жогорку Кеңештин депутаттарын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу же узартуу; Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо же болбосо мындай шайлоолорду өткөрүү мөөнөттөрүн кийинкиге жылдыруу; салыктарды жана жыйымдарды киргизүү, өзгөртүү жана жокко чыгаруу, ошондой эле аларды төлөөдөн бошотуу; тарифтер жөнүндө; мамлекеттин дин аралашпаган мүнөзүн, Кыргыз Республикасынын унитардыгын жана аймактык бүтүндүгүн өзгөртүү; Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жана чек аралары; аскердик же өзгөчө абал киргизүү; республикалык бюджетти кабыл алуу жана өзгөртүү; мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын кызмат адамдарын шайлоо, дайындоо жана бошотуу менен байланышкан; мунапыс жана ырайым кылуу) кошпогондо, мамлекеттик маанидеги маселелер Кыргыз Республикасынын референдумунун предмети боло алышат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын референдумунун предмети катары бүткүл элдик добуш берүүгө коюлуучу маселе, биринчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбеси шарт. Экинчиден, элдик добуш берүүгө коюлуучу маселе адамдын жана жарандын жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин жана аларды ишке ашыруунун конституциялык кепилдиктерин чектебөөсү, басмырлабоосу же жокко чыгарбоосу керек.

**5-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү мыйзамдарын жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу максатында тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү керектиги негизделди.

Автор тарабынан «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык мыйзамына төмөнкү толуктоолорду киргизүү сунушталат:

1) 7-берене жаңы «1-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат:

«1-1. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын долбоорун кошкондо, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарган учурда, ал мыйзамдын долбоору,

Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын толук өтүшү талап кылынат.

Бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун кабыл алуу маселеси гана коюлат».

2) 12-берене жаңы «4-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат:

«4-1. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын долбоорун кошкондо, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарылган учурда, бүткүл элдик добуш берүүнү өткөрүү датасы ал мыйзамдын долбоору, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын өтүүсү менен убактысына жараша аныкталат».

**6-натыйжа.** Автор тарабынан «Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына төмөнкү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү негизделди:

1) 8-берене жаңы «1-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат:

«1-1. Жарандар тарабынан элдик демилге тартибинде сунуш кылынуучу мыйзамдын долбоорун, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, тиешелүү экспертизалардан өткөрүү милдети Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жүктөлөт»;

2) 13-беренеде «колтамгаларын топтоо» деген сөздөрдөн кийинки «экспертизаларды өткөрүү» деген сөздөрдү алып салуу сунушталат.

**3. Диссертациядагы изденүүчү тарабынан жасалган ар бир натыйжаларды (илимий жоболордун), тыянактардын жана корутундунун негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк даражасы**

**1-натыйжа**. Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал ата мекендик жана чет өлкөлүк илимпоздордун көптөгөн иштелмелерине негизделген.

**2-натыйжа**. Референдумдун маңызын элдин эркин билдирүүнү камсыз кылуу механизми катары аныктоо зарылдыгы менен негизделген.

Ишенимдүү, себеби илимий иштеп чыгууларды талдоонун, конституциялык укук жаатындагы алдыңкы окумуштуулардын жана улуттук мыйзамдардын жана КМШ өлкөлөрүнүн мыйзамдарынын ченемдерин изилдөөнүн негизинде түзүлгөн.

**3-натыйжа.** Референдумду конституциялык укуктук институт катары таануу зарылдыгы менен негизделет, башкача айтканда бүткүл элдик добуш берүүгө байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салууга багытталган конституциялык-укуктук принциптерди жана ченемдерди жана референдумдун укуктук мүнөзүн, анын предметин, субъекттерин, уюштуруу жана өткөрүү тартибин бекемдейт.

Ишенимдүү, анткени автордун тыянактары референдум жөнүндө улуттук мыйзамдарды системалуу талдоосуна, ошондой эле илимий адабияттарга негизделгени тастыкталат.

**4-натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени атайын юридикалык адабияттарды жана референдум жөнүндө улуттук мыйзамдарды талдоонун натыйжасында алынган.

**5, 6-натыйжа.** Автор тарабынан жүргүзүлгөн референдум маселелери боюнча теориялык материалдарды, улуттук мыйзамдардын жана КМШ өлкөлөрүнүн ченемдерин талдоонун негизинде негизделген жана ишенимдүү.

**4. Диссертацияда изденүүчү тарабынан иштелген ар бир илимий натыйжалардын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** Автор ушул чөйрөдөгү теориялык иштелмелердин жана ченемдик укуктук актылардын сунуштарынын негизинде, бирок өзүнүн кабыл алган призмасы аркылуу билдиргендиктен **жаңы** болуп эсептелет.

**2-натыйжа. Жаңы** болуп эсептелет, анткени алынган жыйынтыктар болгон теориялык жана практикалык материалдарга негизделген.

**3-натыйжа. Жаңы**, себеби автор тарабынан референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануу позициясы биринчи жолу берилди.

**4-натыйжа. Жаңы,** анткени биринчи жолу Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө колдонуудагы мыйзамдарды талдоонун негизинде улуттук мыйзамдардагы референдумдун предметинин белгисиздиктери аныкталды жана бул маселени чечүү үчүн автордун сунуштары негизделген.

**5, 6-натыйжа. Жаңы**, анткени автор биринчи жолу аталган корутундуну жасады жана анын негизинде референдум жөнүндө улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыкты.

**5. Тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теоретикалык же тажрыйбалык маселени чечүүгө алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Изденүүчү Б.Т. Кабаева менен алынган натыйжалар ички биримдиги жана изилденип жаткан көйгөйдүн алкагында натыйжалардын байланышы болгондугу менен мүнөздөлөт. Изилдөөнүн тандалган темасын чагылдырууда, диссертациянын автору референдум түшүнүгүн жана

маңызын баяндайт, бул маселе боюнча окумуштуулардын талаш-тартыштарын келтирет. Референдум түшүнүгүн жана маңызын кылдат изилдөөнүн натыйжасында референдумдун автордук аныктамасы келтирилген.

Ошондой эле, бул жааттагы улуттук мыйзамдарды изилдөөгө чоң көңүл бурулуп, улуттук мыйзамдарга жана КМШ өлкөлөрүнүн референдумду өткөрүү боюнча салыштырмалуу укуктук талдоосу жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек. Анализдин жыйынтыгы боюнча улуттук мыйзамдардагы кемчиликтер аныкталып, аларды өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыкты. Илимий адабияттарды жана референдум жонүндө мыйзамдарды кароого өзүнчө бөлүм арналган, анда референдумдун өзүнчө институт катары калыптанышына тарыхый экскурс жүргүзүлөт. Диссертациялык изилдөөлөрдү жазуу учурунда автор жетиштүү көлөмдө мыйзамдык, теориялык жана эмпирикалык базаны колдонгон. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана сунуштары теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Кабаева Бермет Темиржановнанын "Кыргыз Республикасында референдумдун теориясы жана практикасы" деген темада диссертациялык изилдөөсү **12.00.02** - конституциялык укук, муниципалдык укук адистигинин профилине толук дал келет.

**6. Алынган жыйынтыктардын тийиштүү актуалдуу көйгөйлөрдү, теоретикалык же практикалык маселелерди чечүүгө багытталгандыгы.**

Теманы изилдөө учурунда алынган натыйжалар теориялык жана практикалык маанилүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Автор тарабынан алынган диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары мыйзам чыгаруучу тарабынан референдумдун конституциялык-укуктук саясатын өнүктүрүүнүн андан аркы этаптарын иштеп чыгууда жана каралып жаткан маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн..

**7. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорун, жыйынтыктарын жана корутундуларын тастыктоо.**

Б.Т.Кабаеванын диссертациялык изилдөөсүнүн жоболору жана жыйынтыктары 14 илимий макалада, ошондой эле илимий-практикалык конференциялардын материалдарында чагылдырылган. Илимий басылмалардын мазмуну жана алардын саны талапка жооп берет.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине толугу менен шайкеш келет. Структуралык элементтер, негизги жоболор жана корутундулар рефератта керектүү көлөмдө чагылдырылат.

**9. Диссертациянын мазмуну жана тариздөөсү боюнча кемчиликтер.**

Б.Т.Кабаеванын диссертациясына жалпысынан баа берип, айрым кемчиликтерди белгилей кетүү керек:

1. Диссертациялык иште 1994-жылдан 2018-жылга чейин Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн референдумдар изилденген, ошону менен бирге 2020-жылдын октябрь окуяларынан кийинки референдумга байланыштуу маселелерди изилдөө диссертациялык изилдөөгө мыкты кошумча болмок.

2. Изденүүчү КМШ өлкөлөрүндөгү референдумдардын укуктук-практикалык маанисине терең көңүл бөлүү менен алардагы объективдүү тенденцияларды ачып көрсөтүүгө диссертациядагы иштен да көбүрөөк көңүл бөлүнсө анын баалугу жогоруламак.

3. Иштеги айрым тексттик туюндурмалар жакшыраак стилистикалык түшүнүккө жана биримдикке ээ болушу үчүн изденүүчү тарабынан кылдаттык менен түзүлсө болмок.

Белгиленген эскертүүлөр жана сунуштар жалпысынан диссертациялык изилдөөнү оң баалоого таасирин тийгизбейт жана анын деңгээлин эч кандай деңгээлде төмөндөтпөйт, тескерисинче андан аркы илимий талкуунун өбөлгөлөрү болуп эсептелет.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын ЖАКтын 2012-жылдын 22-августундагы No 578 "Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жобонун II бөлүмүнүн, 10-пунктунун талаптарына шайкештиги.**

Кабаева Бермет Темиржановнанын **"Кыргыз Республикасындагы референдумдун теориясы жана практикасы"** деген темада жазган диссертациялык иши илимий жактан негизделген жаңы натыйжаларды, илимий жаңылыктын элементтерин, ошондой эле жактырууга жана колдоого татыктуу болгон теориялык корутундуларды жана практикалык сунуштарды камтыйт.

Кабаева Бермет Темиржановнанын **12.00.02** - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасынм изденип алууга сунушталган **«Кыргыз Республикасындагы референдумдун теориясы жана практикасы»** темасында диссертациялык изилдөөсү жаңы илимий жыйынтыктарды камтыгандыктан, ички биримдиги менен бириктирилген, структуралык жактан жакшы түзүлгөн изилдөө болгондуктан, 2012-жылдын 22-августундагы №578 «Окумуштуу даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө» жобонун талаптарына толук жооп берет.

Пикир Кыргыз Республикасынын милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы ИИМин Академиясынын мамлекеттик жана укуктук дисциплиналар кафедрасынын отурумунда талкууланды жана бекитилди.

2021-жылдын «11» 02 №15 протоколу

**Кафедранын начальниги**
**юридика илимдеринин доктору,**
**доцент, милициянын полковниги** **Ч. К. Ботоева**

МААЛЫМАТ БЕРҮҮ ҮЧҮН
ДЛЯ СПРАВОК

Ч. Ботоева
колун тактыктайм:
Кыргыз Республикасынын ИИМдин
Академиясынын катчылыгын башчысы
В. Улукова